**АКЦИЯ**
**VISA BUSSINESS КАРТА ЭЭЛЕРИ – ТИГҮҮ БИЗНЕСИНИН ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИШКЕРЛЕР ҮЧҮН**

**VISA BUSSINESS КАРТАЛАРЫ МЕНЕН ТӨЛӨМДӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮП,**
**ТИГҮҮ МАШИНАЛАРЫНЫН ТОПТОМУН УТУП АЛЫҢЫЗ!**

| АКЦИЯНЫН ШАРТТАРЫ | | |
|---|---|---|
| 1 | **Акциянын уюштуруучусу** | «Банк Компаньон» ЖАКы (мындан ары Банк) |
| 2 | **Акцияны өткөрүү Мөөнөтү жана Этаптары** | Башталган күнү: **2024-жылдын 1-августу**<br>Аяктаган күнү: **2024-жылдын 30-ноябры (кошкондо)** |
| 3 | **Акциянын түрү** | Акция түрткү берүүчү лотерея болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустуктар принциби (жеңүүчүнү эркин тандай турган алгоритмди колдонуу) алынып салынган. |
| 4 | **Акциянын катышуучулары** | Акцияга **катыша алышат**:<br>• **Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тигүү жабдууларын пайдалануу менен текстиль буюмдарын өндүрүү чөйрөсүндө ишкердик менен алектенген** жана Банктын кардарлары болгон жеке ишкерлер (ЖИ) катыша алышат;<br>Акцияга **катыша алышпайт:**<br>• Жеке жактар (ЖИ)<br>• Юридикалык жактар (ЖЧК)<br>• Компаньон Банкынын агенттери<br>• Башка ишкердик менен алектенген жеке ишкерлер<br>• Компаньон Банкынын кызматкерлери жана алардын жолдош/жубайлары, жакын туугандары (ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандары, чоң атасы, чоң энеси, таятасы, таенеси, неберелери) катыша алышпайт. |
| КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО | | |
| 5 | **Акцияга катышуучу карталардын түрлөрү** | Компаньон Банкы чыгарган Visa Business карталары. |
| 6 | **Акциянын шарттары** | • Акцияга катышуу үчүн Компаньон Банкы тарабынан чыгарылган Visa Business картасынын ээси жана «Компаньон Бизнес» тиркемесинин колдонуучусу болуп, акциянын мезгилинде карта менен накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүү керек.<br>• Товарлар жана кызматтар үчүн накталай эмес төлөмдөрдү Компаньон Банкы чыгарган Visa Business карталары менен Кыргыз Республикасынын аймагындагы жана анын чегинен тышкары каалаган соода жана тейлөө ишканаларынын каалаган POS-терминалдары аркылуу жүргүзүүгө болот. Акцияда Компаньон Банкы чыгарган Visa Business карталарын колдонуу менен жасалган каалаган онлайн төлөмдөр да эске алынат. “Компаньон Бизнес” тиркемеси аркылуу жасалган төлөмдөр жана QR-төлөмдөр эске алынбайт.<br>• Байгеге коюлган талаптарга жооп берүү үчүн Катышуучулар Акция мезгилинде максималдуу суммада төлөмдөрдү жүргүзүүсү жана милдеттүү критерийди – бир карта менен ар бир төлөмдү (бир транзакцияны) 500 (беш жүз) сомдон кем эмес суммада аткаруусу керек. |

<table>
<tr><td>7</td><td>Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлери</td><td><ul><li>Жеңүүчүлөр Акциянын бүткүл мезгилинде жасалган төлөмдөр боюнча аныкталат.</li><li>Байгелүү орундардын Рейтинги төлөмдөрдүн эң чоң (максималдуу) көлөмү (суммасы) боюнча аныкталат.</li><li>Эгерде жасалган төлөмдөрдүн көлөмү бирдей болгон жеңүүчүлөр аныкталса, алардын ичинен мезгил ичинде эң көп төлөмдөрдү (саны) жүргүзгөн кардар утат.</li><li>Акциянын катышуучусу тарабынан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында (сомдо) чет өлкө валютасындагы төлөмдөрдүн суммасын КРУБдун операция жасалган күндөгү курсу боюнча конвертациялоо жолу менен аныкталат.</li><li>Алып-сатарлык операциялар аныкталган шартта, Банк мындай операцияларды акцияга катышуудан четтетүү укугуна ээ калтырат.</li><li>Жеңүүчүлөрдү аныктоодо Банк катышуучуларды - жеке ишкерлерди иштин түрлөрү боюнча текшерет.</li></ul></td></tr>
<tr><td>8</td><td>Байге фонду жана байгелүү орундар</td><td><u>Жеңүүчүлөр:</u><br>Төлөмдөрдүн <u>эң чоң көлөмү боюнча (сумма)</u> Акциянын бүткүл мезгилинде 10 (он) жеңүүчү төмөнкү байгелерди алат:<br><br><table><tr><td>1,2,3,4,5-орун</td></tr><tr><td>5 тигүүчү машинадан турган комплект (ар бир жеңүүчүгө)</td></tr><tr><td>✓ Өзүн-өзү башкаруучу интеграцияланган жогорку ылдамдыктагы каптоочу тигүү машинасы;<br>✓ Автоматтык ультра жогорку ылдамдыктагы төрт жиптүү оверлок тигүү машинасы;<br>✓ Өзүн-өзү башкаруучу ультра жогорку ылдамдыктагы беш жиптүү оверлок тигүү машинасы;<br>✓ Бир ийнелүү өзүн-өзү башкаруучу челноктуу тигүүчү машина;<br>✓ Бир ийнелүү жогорку ылдамдыктагы түз тигүүчү челноктуу тигүүчү машина.</td></tr><tr><td>6,7,8,9,10-орун</td></tr><tr><td>3 тигүүчү машинадан турган комплект (ар бир жеңүүчүгө)</td></tr><tr><td>✓ Өзүн-өзү башкаруучу интеграцияланган жогорку ылдамдыктагы каптоочу тигүүчү машина;<br>✓ Өзүн-өзү башкаруучу жогорку ылдамдыктагы беш жиптүү оверлок тигүү машинасы;<br>✓ Бир ийнелүү өзүн-өзү башкаруучу түз тигүүчү челноктуу тигүүчү машина.</td></tr></table><br>Акциянын байгелерин алууга байланыштуу бардык салыктык чегерүүлөрдү Акциянын Уюштуруучусу өзүнө алат.</td></tr>
<tr><td>9</td><td>Акциянын жыйынтыктарын чыгаруу мезгилдери</td><td><ul><li>2024-жылдын 11-декабрына чейин</li></ul></td></tr>
<tr><td>10</td><td>Акциянын шарттарына жана өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу</td><td>Банк Акциянын шарттарына жана өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү (токтотуу же узартуу) укугун өзүнө калтырат. Өзгөрүүлөр киргизилген учурда Банк кардарларга бул тууралуу Банктын расмий сайты аркылуу маалымдоого милдеттүү.</td></tr>
<tr><td colspan="3">АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| 11 | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | • Акциянын жеңүүчүлөрүнө байгелерди ыйгаруу аземи Банктын www.kompanion.kg расмий сайтында жыйынтыктарды жарыялаган күндөн тарта 10 (он) календардык күндүн ичинде ишке ашырылат.<br>• Акциянын жыйынтыктары боюнча байгелерге сертификаттар расмий сыйлоо аземинде паспорт көрсөткөндө берилет.<br>• Жеңүүчүлөрдүн Visa Business төлөм карталары жана "Компаньон Бизнес" тиркемелери Акциянын жыйынтыгы чыгарылган күнүнө активдүү болушу керек.<br>• Жеңүүчүлөргө сыйлыктар расмий сыйлоо аземи өткөрүлгөн күндөн тартып 15 календардык күндүн ичинде тапшырылат.<br>• Жеңүүчүлөргө тигүү машиналарынын комплекти менен бирге кепилдик талону берилет, анда кепилдик тейлөөнүн шарттары көрсөтүлөт.<br>• Байгелерди акча эквивалентине алмаштыруу мүмкүн эмес.<br>• Байгелерди жеңүүчүнүн дарегине жеткирүү боюнча чыгымдарды банк көтөрөт.<br>• Банк жабдууларды орнотуу/алмаштыруу, ошондой эле техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча чыгымдарды көтөрбөйт. |
| 12 | **Акциянын жыйынтыгы тууралуу жеңүүчүлөрдү маалымдоо** | • Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Банктын («Банк Компаньон» ЖАКы) **www.kompanion.kg** расмий сайтында Акция бүткөндөн кийин 5 (беш) иш күндүн ичинде жарыяланат.<br>• Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыгы, байге тапшыруу аземинин күнү жана орду жөнүндө түздөн-түз, картаны алып жатканда көрсөтүлгөн байланыш телефон номери боюнча, Акциянын расмий жыйынтыгы жарыялангандан кийин 5 (беш) иш күнү ичинде билдирет.<br>• Банкка туура байланыш маалыматын (байланыш телефондору ж.б.) жана берилген маалыматтардын тактыгына Акциянын Катышуучусу жооп берет.<br>• Акциянын жыйынтыгы жарыяланган күндөн тартып **10 (он) календардык күндүн ичинде** көрсөтүлгөн байланыш маалыматы боюнча Акциянын катышуучусуна кабарлоо/байланышуу мүмкүн болбосо, **катышуучу Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесинен чыгарылат.** |
| **АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ЖАЙЫЛТУУ** | | |
| 13 | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, кулактандыруулар, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br>• Банктын расмий www.kompanion.kg интернет-сайты;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий аккаунттары (Facebook, Instagram);<br>• Маалыматтык-оюн-зоок интернет-сайттары, банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы аккаунттары;<br>• Башка ар кандай маалымат каражаттары.<br>**Акцияны өткөрүү суроолору боюнча Банктын Кардарларды колдоо кызматынын 0 312 33 88 00, моб. тел.: 88 00 номерлери аркылуу байланышсаңыздар болот.** |
| 14 | **Акция тууралуу публикациялар** | Акцияга катышкан кардарлар утушка ээ болгон учурда, Банктын расмий сайтында, социалдык тармактарда жана интернеттеги башка булактарда, жалпыга маалымдоо каражаттарында төмөнкү маалыматтарды: кардардын аты-жөнүн, ЖИнин атын, байге ордун, байгенин суммасын жана/же түрүн, сүрөтүн жарыялоого Банкка макулдугун жана укугун берет. |